**ОшМУнун педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу- методикалык кеңешинин жыйынынын № 3 протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

Катышкандар – 6 Ош шаары, 28.11.24.

Себептүүсү –

**Күн тартибинде:**

**3. Ар түрдүү маселелер.**

1. Ош мамлекеттик университетинин педагогика, искусство жана журналистика институтунун Башталгыч, мектепке чейинки билим берүүнүн педагогикасы жана психологиясы кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты К.Алиеванын “Башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоо” аттуу монографиясын басмага сунуштоо.

***Угулду:***

Педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу – методикалык кеңешинин төрайымы А.Таабалдиева доцент К.Алиеванын “Башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоо” аттуу монографиясынын мазмуну, максаты жана тарбиялоонун педагогикалык шарттары тууралуу маалымат берүү менен кафедра мүчөлөрүнө жана институттун окуу-методикалык кеңешинин мүчөлөрүнө сөз берди.

***Сөзгө чыкты:***

БМЧББПП кафедрасынын башчысы, доцент М.Бабаев: - К. Алиева учурда 550700 “Педагогика” багыты боюнча адистерди даярдоодо үзүрлүү эмгектенип келе жатат. Кандидаттык ишин ийгиликтүү коргоду, азыркы учурда доктордук диссертациясынын темасын да бекиттирүүдө. Ал эми аталган монографиясы бардык жагынан алып караганда талапка жооп берет. Эжекенин бул эмгеги башталгыч класстын мугалимдери, магистранттар жана студенттер үчүн да зарыл деген ойдомун.

Педагогика илимдеринин кандидаты, улук окутуучу: З. Джоошбекова: - Башталгыч класстын окуучуларына үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоо

маселеси учурда актуалдуу проблемалардан болуп саналат. Эмгекте кыргыз үй-бүлөсүндөгү балдарды тарбиялоо маселеси тууралуу да абдан жакшы ой-пикирлер берилген. Ошондуктан бул монографияны басмага сунуштоого макулмун.

***Чечим:***

1. Педагогика, искусство жана журналистика институтунун окуу-методикалык кеңешинин төрайымы А.Таабалдиеванын билдирүүсү эске алынсын;
2. БМЧББПП кафедрасынын доценти К. Алиеванын "Башталгыч класстын окуучуларын үй-бүлөдө руханий-адептик тарбиялоо" аттуу монографиясын басмага сунуштоо ПИжЖ институтунун ОКнен суралсын.

ПИжЖ институтунун окуу- методикалык
кеңешинин төрайымы: А.Табалдиева.